КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ЮРИДИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ
(КГЮА)

МИЛИЦИЯНЫН ГЕНЕРАЛ-МАЙОРУ Э.А.АЛИЕВ АТЫНДАГЫ
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИИМ АКАДЕМИЯСЫ

Д 12.19.592 Диссертациялык кеңеши

Кол жазма укугунда
УДК 341.17:339.543](4/5)(043.3)

**Чыныбаева Нургуль Женишевна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ПРОКУРАТУРА ОРГАНДАРЫНЫН ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТЕРДИН УКУКТАРЫН КОРГОО ЧӨЙРӨСҮНДӨГҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮНҮН УЮШТУРУУЧУЛУК ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗДЕРИ

12.00.11 – сот бийлиги, прокурордук көзөмөл, укук коргоо ишмердүүлүгүн уюштуруу

Юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук
даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек-2021**

Диссертациялык иш Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин (КГЮА) Жазык процесс жана прокурордук көзөмөл кафедрасында аткарылды.

**Илимий жетекчи:** **Рысмендеев Бактыбек Дженишбекович** юридика илимдеринин доктору, профессор, Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин(КГЮА) ректору

**Расмий оппоненттер:** **Тыныбеков Сериккали Тыныбекович** юридика илимдердин доктору, профессор, аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин, юридикалык факультетинин, жарандык укук жана жарандык процесси, эмгек укугу кафедрасынын башчысы, Алматы ш.

**Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна** юридика илимдердин доктору, профессор, Кыргыз Республикасынын ИИМдин милициянын генерал-майору Э. А. Алиев атындагы Академиясынын башчысынын илим боюнча орун басары

***Жетектөөчү уюм:*** Д.А. Кунаев атындагы Евразия юридикалык академиясынын жазык-укуктук дисциплиналар жана укук коргоо ишмердүүлү кафедрасы

Илимий эмгекти коргоо 2021-жылдын «25» июнь саат ___ Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин (КГЮА) жана милициянын генерал-майору Э.А.Алиев атындагы Кыргыз Республикасынын ИИМ Академиясынын алдында юридика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча түзүлгөн Д 12.19.592 диссертациялык кеңештин отурумунда корголот. Дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 180 а. конференц-зал (ауд. 412).

Диссертация менен Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин (КГЮА) илимий китепканасынан: 720001, Бишкек шаары, Чүй пр., 180а жана ошондой эле диссертациялык кенештин сайтынын таанышууга болот http://www.ksla.kg

Автореферат 2021-жылдын «24» майында таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, ю.и.к.** **Анаркулова Э.С.**

# ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Изилденген теманын актуалдуулугу** Кыргыз Республикасында жашы жете электерди укуктук жактан коргоонун мааниси өсүп бараткандыгы менен байланыштуу, анткени кандай мамлекетте болбосун балдар өзгөчө артыкчылыктарга ээ. Биздин мамлекет да ушулардын катарында жана өсүп келаткан муундарга камкордук көрүү анын ишмердигинин ар кыл тармактарында орун алган. Ушул багыттардын арасында жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо милдети үстөмдүк кылышы керек, анткени жашы жете электердин укуктарын коргоо азыркы мамлекеттин эң маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат.

Жашы жете электердин укуктарын бузуунун алдын-алуунун, бул чөйрөдөгү мыйзамдуулукту жана укуктук тартипти калыбына келтирүүнүн ишенимдүү каражаты катары прокуратура органдарынын ишмердүүлүгү эсептелиши толук ыктымал. Мындан тышкары, прокуратура атайын мамлекеттик бийликтик ыйгарым укуктардын ээси болуп саналат, себеби ал мамлекеттик бийликтин бардык бутактары сыяктуу эле иш-аракеттердин мыйзамдуулугун текшерүүгө укуктуу. Ошентип, прокуратуранын жашы жете электердин укугун коргоо жаатындагы укук коргоочулук потенциалы бул процесстеги мамлекеттик механизмдин алмаштыргыс звеносу болууга мүмкүндүк берет.

Мамлекеттик саясат жашы жете электерге берилген укуктар менен кепилдиктер чоңдорго караганда кыйла көлөмдүү болот деген жалпы таанылган жобону жетекчиликке алуусу дагы маанилүү, мындан улам эгер ал укуктар бузулган учурда алардын аткарылышын жана калыбына келтирилишин көзөмөлдөө оңойго турбасы белгилүү. Демек, прокуратура органдары көзөмөлдүн ушул тармагына өзгөчө көңүл буруп, жашы жете электердин укуктарын камсыз кылууда бул жааттагы координациялык орган катары прокуратуранын бардык мүмкүнчүлүктөрүн жана компетенттүүлүктөрүн максималдуу деңгээлде колдонуусу зарыл.

Мындан тышкары, жашы жете электердин укугун коргоо жаатында прокуратуранын иш-милдеттерин мыйзамдардын сакталышына көзөмөл жүргүзүү менен чектөө мүмкүн эмес, прокуратура бара-бара белгилүү бир өзгөчө мүнөзгө ээ укук коргоочу органга айланууда.

Азыркы коомдо, анын ичинде биздин мамлекетте да жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатындагы прокуратуранын иш-аракеттеринин укуктук негиздери, балдардын коомдогу жана үй-бүлөдөгү жайсыз абалы менен шартталган, тез арада көңүл бурууну талап кылган көйгөйлөрдүн бири болуп саналат. Ошол эле учурда, бул көйгөйдүн курчушу, эл аралык жана улуттук деңгээлде жашы жете электерди коргоо

боюнча укуктук чаралардын кеңири тутуму иштелип чыгып жана туруктуу өркүндөтүлүп турган шартта болуп жатат.

Бүгүнкү күндө, прокуратура органдарына берилген ыйгарым укуктардын көп өлчөмү, анын ичинде балдардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча бул укуктук каражаттар, жетишээрлик натыйжалуу пайдаланылбай жаткандыгына байланыштуу сын-пикирлердин объектисине айланып жаткандыгы эч кимде шек жаратпайт.

Укук коргоо ишин натыйжалуу уюштуруунун бирден бир талабы анын жыйынтыгына дайыма баа берип туруу болуп саналат, бирок прокуратура органдарына карата мындай система түзүлгөн эмес, ошондуктан иш жүзүндө прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо боюнча ишинин таасирдүүлүгүн текшерүүгө эч кандай мүмкүнчүлүк жок.

Прокуратура органдарынын укук коргоо иш-милдеттерин жүзөгө ашыруу менен байланышкан көйгөйлөрдүн мынчалык кеңири чөйрөсү, прокуратура органдарынын тутумуна жүктөлгөн олуттуу өлчөмдөгү бийликтик ыйгарым укуктар жана маанилүү мамлекеттик иш-милдеттер менен айкалышып, берилген теманы изилдөө илимий да жана практикалык да көз караштa өтө актуалдуу экендигин көрсөтүп турат.

Юридикалык жактан кеңири «камтылгандыгына» карабастан, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүн башкаруу натыйжасыз жүрүүдө. Көп учурларда кыйынчылыктар ченемдердин басымдуу бөлүгүнүн декларативдүүлүгү жана бүгүнкү күндө ишке ашыруу механизми жетишерлик так иштелип чыккан укуктук эскертүү буйруктарынын аткарылышындагы кемчиликтер менен байланыштуу.

Жогоруда көргөзүлгөн жагдайлардын негизинде, бул диисертациялык изилдөөнүн темасы жана актуалдуулугу менен, анын багыты жана мазмуну аныкталды.

**Диссертациянын темасынын ири илимий программалар жана негизги илимий-изилдөөчүлүк иштер менен байланышы.** Диссертациялык изилдөөнүн темасы демилгечилик болуп саналат.

**Максаты** – жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук иштин укуктук негиздерин жана уюштурулушун изилдөө, ошондой эле ушул жааттагы мыйзамдарды өркүндөтүүгө багытталган теориялык жана практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу болуп саналат.

Бул максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлган:

- прокуратуранын жашы жете электер чөйрөсүндөгү ролун ачып көрсөтүү жана теориялык аспектилерин изилдөө;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздерин карап чыгуу;

- Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иш-аракеттеринин укуктук негиздерин талдоого алуу;
- Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштурулушун изилдөө;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тактикаларынын жана усулдуктарынын өзгөчөлүктөрүн изилдеп, үйрөнүү;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүн уюштуруудагы көйгөйлөрдү ачып көрсөтүү;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук негиздеринин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорун аныктоо;
- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы** биринчи жолу комплекстүү мамиленин негизинде жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерин өркүндөтүп, жакшыртууга мүмкүндүк берген илимий көйгөй талдоого алынып, чечилди.

Илимий иште кээ бир талкуу жараткан суроолорду чечүүнүн жолдору иштелген, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн актуалдуу көйгөйлөрүнө тиешелүү болуп, прокуратуранын ишмердигин салттуу түшүнгөн алкактан чыгып, төмөнкүлөрдү далилдеген: биринчиден, прокуратуранын иши жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын сакталышына көзөмөл менен гана чектелбейт, экинчиден, билим берүүдөн, саламаттык сактоодон, камкордук менен көзөмөлдөн, ишке орноштуруудан тышкары, бул иш коомдук мамилелердин башка тармактарын да камтыйт.

**Диссертациялык изилдөөнүн практикалык мааниси** түзүлгөн теориялык аныктамалар жана тыянактар жашы жете электердин укуктарын коргоону жөнгө салууда прокурордук көзөмөл ишинин укуктук механизмин жакшыртуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын ишмердигинин укуктук негизи боюнча колдонуудагы мыйзамдарды өркүндөтүү маселелерин теориялык жактан мыдан ары иштеп чыгуу үчүн, жана «Прокурордук көзөмөл», «Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары» дисциплиналары боюнча лекциялык жана практикалык сабактарды өткөргөндө пайдаланылышы мүмкүн экендиги менен түшүндүрүлөт.

**Коргоого алынын чыгуучу жоболор.** Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча коргоого төмөнкү жоболор алынып чыгат:

1. Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана укуктук негиздерин жакшыртуунун концептуалдуу мамилеси негизделет. Ал прокуратуранын Кыргыз Республикасынын Конституциясынын сакталышына жана Кыргыз Республикасынын аймагында колдонуудагы мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл кылуучу орган катары гана эмес, жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктары бузулган учурда аларды коргоого жана калыбына келтирүүгө олуттуу көмөк көрсөтүүчү укук коргоо органы катары да кызмат көрсөтө тургандыгы менен түшүндүрүлөт;

2. Биринчи жолу, жашы жете электердин укуктарын камсыз кылуу жаатындагы прокуратура органдарынын ишинин учурдагы өнүгүүсүнүн сөзсүз талабы - бул жашы жете электердин укугун сактоо жана коргоо жаатындагы мамлекеттик саясатты модернизациялоо болуп саналат деген тыянак далилденди. Жашы жете электердин укуктарын сактоо жана коргоо жаатындагы мамлекеттик иштин таасирдүүлүгү жана натыйжалуулугу прокуратура органдарынын түзүмүн туура куруу жана анын натыйжалуулугун төмөндөтүп жаткан кемчиликтерди чечүү үчүн сабаттуу функционалдык дифференциация менен шартталган;

3. Жашы жете электердин укуктарын камсыз кылуу максатында, коомго жашы жете электердин өзүлөрүнүн да, жашы жете электердин укуктарын коргоо функцияларын түздөн-түз жүзөгө ашырган адамдардын да укуктук маданиятынын деңгээлин көтөрүүгө өбөлгө болуучу укуктук билимдерди киргизүү сунушталууда;

4. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишмердүүлүгүнүн укуктук негиздерин жакшыртуу максатында мамлекеттик айыптоочунун жардамы менен жашы жете элек укук бузуучуга жаза аныктоого прокурордун катышуу формасын жана милдеттенмелерин конкреттештирүү сунушталууда;

5. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук түзүмүн жакшыртуу үчүн алгачкы жолу төмөнкү чаралар сунушталат:

а) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын Коррупцияга каршы аракеттенүү жана мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча иштеп жаткан башкармалыгынын алкагында жашы жете электердин иштери боюнча бөлүктөрдү түзүү;

б) алардын компетенциясына төмөнкүлөрдү киргизүү:

- мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл;

- жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн тактикасына жана усулдугуна көзөмөл;

6. Биринчи жолу жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл жүргүзүүнүн жекече усулдук түзүмүнүн эң маанилүү элементтери иштелип чыкты жана негизделди;

7. Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун көтөрүү максатында, биринчи жолу прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жагдайына басым жасалды жана анын башкы багыты заманбап маалымат технологияларына негизделген, уюштуруучулук тартиптеги ар кыл чараларды комплекстүү пайдалануу болуп калууга тийиш.

Изденүүчүнүн прокурордук көзөмөл, жазык укугу жана ювеналдык укук илимине **жекече салымы** изилдөөнүн актуалдуулугу, илимий жаңычылдыгы, ошондой эле изилдөөнүн практикалык мааниси менен аныкталат. Коргоого алынып чыккан жоболор диссертанттын жеке өзү тарабынан иштелип чыккан.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарын апробациялоо.** Диссертацияда жасалган негизги теориялык тыянактар, жоболор жана сунуштар Кыргыз мамлекеттик юридикалык университетинин жазык процесс жана прокурордук көзөмөл кафедрасынын кеңейтилген жыйынында талкууланган.

Диссертациянын негизги жоболору Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуштап чыгарылган илимий журналдарда, ошондой эле Россия Федерациясынын илимий басылмаларында жарык көргөн илимий макалаларда чагылдырылган.

**Диссертациянын түзүмү.** Диссертация Кыргыз Республикасынын ЖАКы койгон тиешелүү талаптарга ылайык аткарылган. Анын түзүмү изилдөөнүн максаттары жана милдеттери аркылуу аныкталат жана ал киришүүдөн, 8 бөлүктү камтыган 3 главадан, тыянактардан, пайдаланылган булактардын тизмесинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** теманын актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаттары менен милдеттери аныкталды, негизги жоболору берилип, коргоого алынып чыкты, диссертациялык иштин илимий жаңычылдыгы, анын практикалык маанилүүлүгү негизделди, ошондой эле алынган жыйынтыктарды апробациялоого тиешелүү маалыматтар берилди.

**Биринчи глава – «Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин теориялык-укуктук негиздери»** – үч бөлүктөн турат.

**Биринчи бөлүктө – «Прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ролу»** – теманын изилденген даражасы аныкталат, прокуратуранын ролу, ошондой эле жашы жете элек түшүнүгү ачылып берилет. Жашы жете элек – бул өзүнүн социалдык позициялары боюнча биздин өлкөнүн жарандарынын жетиштүү корголгон, мамлекеттик органдар тарабынан өзгөчө көңүл бурууга, коргоого муктаж катмары болуп санала тургандыгын эске түйүп коюу керек. Прокуратура жөн гана күнүмдүк келип чыккан маселелерге («күнүмдүк иштерге») формалдуу мамиле жасабастан, көйгөйгө стратегиялык жана комплекстүү (системалуу) көз карашта болууга умтулат.

Диссертациялык изилдөөнүн теориялык негизин прокурордук көзөмөл, жазык, үй-бүлө, жарандык укуктар жаатындагы илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктары түзөт.

Диссертациялык изилдөөнү жазууда жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруу көйгөйлөрүнө арналган, көп кырдуу мүнөздөгү эмгектери бар окумуштуу укук таануучулардын, тарыхчылардын, тажрыйбалуу юристтердин илимий тажрыйбалары терең талдоого алынган. Илимий ойдун айрым багыттарын өнүктүрүү алкагында маселенин көп жагдайлары окумуштуулар тарабынан деталдуу иштелип чыгууда.

Иште ата мекендик жана чет өлкөлүк укук таануучу окумуштуулардын изилдөөнүн темасына байланыштуу айрым маселелер боюнча илимий көз караштары чагылдырылат, мисалы: Ч.М. Абжапарованын, А.С. Арутюняндын, К.А. Бегалиевдин, И. Викторовдун, Н. Д. Волкованын, К. Жетиген кызы., А.М. Джоробекованын, О.Д.Кимдин, К.К. Керезбековдун, Н. В.Кравчуктун, С. Костюковдун, Н. Кириченконун, Г. Королеванын, К.Т. Камытовдун, А.С. Каженовдун, С.М. Муратбекованын, Н.К. Маматазизованын, А.С. Осмонованын, Б..Дж. Рысмендеевдин, В. П. Пироговдун, С.Г. Сарсенбаевдин, Н.Т. Сопубекованын, К.Ж. Сабырованын, С.Т. Тыныбековдун А.Г. Умиркуловдун, И. А. Фаршатовдун, Н.Н. Хибиндин, А.Ш. Шаршеналиевдин, А.К. Эрматовдун.

Өзгөчө мааниге А.С. Арутюняндын "Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл: теория жана практика маселелери" (2012), К.К. Абдрахмановдун "Жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо жаатындагы мамлекеттик башкаруу" (2014), Т.Г.Воеводиндин "Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл" (2019) монографиялык эмгектери кездешет.

Белгилей кетүүчү жагдай, изилдөөлөрдүн көпчүлүгү прокурордук көзөмөлгө же жалпысынан жашы жете электердин укуктук абалына тиешелүү, мисалга, А.В.Ермаковдун «Жашы жете электердин укуктарын

корогоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдү уюштуруу» (2007-ж.), А.К. Нургалиевдин «Жалпы билим берүү мектебиндеги тарбиялоо процессинде өспүрүмдөрдүн жоопкерчилигин калыптандыруунун илимий-педагогикалык негиздери» (2009-ж.), Н.З.Раззактын «Казакстан Республикасындагы жашы жете электердин укуктук абалынын концептуалдуу көйгөйлөрү» (2016-ж.), ж.б. диссертациялык иштер.

Ошентсе да, Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруучулук-укуктук негиздери ушул мезгилге чейин комплекстүү изилдөөгө алынган эмес.

Диссертант тарабынан белгиленгендей, узак убакыттар бою прокуратура органдарынын ишин уюштуруу жана натыйжалуулугун көтөрүү көйгөйүн изилдеп келатышкан окумуштуулар менен тажрыйбачыл адистердин күч-аракеттери прокурордук көзөмөлдү жакшыртууга жана бул иштин теориялык негиздерин иштеп чыгуу жолу аркылуу алдын ала тергөөнү, анын ченемдик-укуктук регламентациясын жакшыртууга, прокурордук көзөмөлдүн тактикасы менен усулдугун жана прокуратура органдарындагы башкаруу функцияларынын аткарылышын өркүндөтүүгө багытталган. Башкача айтканда, прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугун жогорулатуу аны юридикалык жактан жөнгө салуу чөйрөсүндөгү коллизияларды жоюудан, ошондой эле прокуратура органдарынын ишинин аспаптарын кеңейтүүдөн көрүнөт. Укуктук жана усулдук камсыздоону өркүндөтүүнүн маанилүүлүгүн таануу менен, жана прокурордук көзөмөлдүн биз изилдеген багытынын алкагында, бул параграфта биз прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ролун жана анын теориялык аспектилерин козгомокчубуз.

Изилдөөдө жашы жете электердин укуктарын сактоо көйгөйү Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө конвенцияны ратификациялаган бардык мамлекеттер үчүн актуалдуу болуп саналары каралат (1989-ж.). Бул документ планета калкынын эң аярлуу катмарын коргогон бөтөнчө бир укуктук калканч болуп калды. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамдарына келсек, баланын укуктарын коргогон эл аралык документтердин ченемдери ири өлчөмдөгү ченемдик укуктук актыларда чагылдырылып, орун алган. Мындай документтердин ичинде, албетте, башкысы болуп адамдын негизги укуктары менен эркиндигинин ажырагыс таандыктыгын жар салган КР Конституциясы, ошондой эле «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзам [2009-жылдын 17-июлундагы №224 “Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзам (2016-жылдын 5-мартындагы №19 КР мыйзамдарынын редакциясында)] ж.б. ченемдер саналат.

Илимий иште Кыргыз Республикасынын укук-ченемдик актыларына талдоо жүргүзүлүп, прокуратура укуктук актылардын

мыйзамдуулугуна, тармактык жана тармактар аралык органдар жана кызмат адамдары башкаруу функцияларын кантип жүргүзүп, мыйзам аркылуу жүктөлгөн милдеттерин кантип аткарып жатышкандыгына көзөмөл жүргүзгөндүгү белгиленет. «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» Мыйзамдын 1-беренесине ылайык, прокуратура Кыргыз Республикасынын аймагында колдонулган мыйзамдардын жана башка ченемдик укуктук актылардын так жана бирдей аткарылышына көзөмөл жүргүзөт. Мунун негизинде прокуратуранын функционалдык багытталгандыгы, тийиштүү институционалдык бөлүнгөлөрсүз, тактап айтканда, мамлекеттик органдардын тутумунда прокуратуранын ордун так аныктамайынча талаптагыдай жүзөгө ашырылышы мүмкүн эмес. Ошондой эле, чет мамлекеттердин тажрыйбасы көрсөткөндөй, айрым өлкөлөрдө, анын ичинде Россияда, прокуратуранын кайсы бутакка таандык экендиги же алардан алынып салынгандыгы жөнүндө салыштырмалуу тактык жок, ал эми Кыргыз Республикасында ал бийликтин аткаруучу бутагына таандык.

Ошентип, изилдөө көрсөткөндөй, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратуранын ролун өнүктүрүү процесси узак жол басып өттү.

**Экинчи бөлүктө – «Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздери»** – жашы жете электер чөйрөсүндөгү мамилелерди жөнгө салуучу укуктук базаны, улуттук мыйзамдарды жана эл аралык келишимдерди иштеп чыгуу шарттары аныкталды.

Автор укук-ченемдик негиздерди талдоо жүргүзүү менен, жашы жете электердин укуктарын коргоо мезгилдин өтүшү менен Кыргыз Республикасында коомчулуктун жана бийлик чөйрөсүнүн көңүлүн катуу бурдурган актуалдуу маселеге айланып, мамлекеттин олуттуу функцияларынын катарында турган кези экендигин белгилейт. Мамлекеттик институттардын кеңири жайылтылган системасы аркылуу ишке ашуу менен, бул функция ар бир конкреттүү органдын ишинде өз алдынча өзгөчөлүктөргө ээ болууда жана аларды туура түшүнүү сөзсүз милдеттердин туура аткарылышына шарт түзүүгө тийиш. Бул параграфта биз жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мамлекеттик саясатынын негиздери катары өзгөчөлүктөрүн бөлүп чыгуу максатын койгонбуз.

Демек изденүүчү мамлекеттик саясат – бул эң оболу балдар менен иштеген мамлекеттик органдар жана мекемелер системасынын ишмердиги жана ал жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын натыйжалуу жана бүтүндөй коргоп, сактоо, алардын ар тараптуу өнүгүүсү үчүн зарыл социалдык шарттарды түзүү менен түшүндүрүлүшүн белгилейт.

Мамлекеттин ажырагыс функциясы катары балдардын укуктарын коргоо биздин өлкөдө 1990-жылдардын башталышында гана анык ишке аша баштады. Буга чейин анын бары-жогу адам укуктарын коргоонун жалпы функциясынын контекстинде аныкталып келген жана көбүнчө декларативдик мүнөздө болгон.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо функцияларын өзүнчө бөлүп кароо Балдардын укуктарын коргоо жөнүндө БУУнун конвенциясы ратификациялангандан кийин башталды. Бул документке кол коюу менен, Кыргызстан өзүнө улуттук мыйзамдарды ушуга ылайык келтирүү милдетин алган.

Бүгүн балдардын укуктарын коргоо механизми өзүнө көп деңгээлдүү системаны камтыйт жана ал туура айкалышкан жана өз ара аракеттешкен учурда жашы жете элек балдарды, алардын укуктары менен эркиндигин толук жетиштүү коргой алат.

Илимий изилдөөдө изденүүчү баланын укуктарын коргоо боюнча мамлекеттик саясат механизминин төмөнкүдөй деңгээлдерин бөлүп көрсөтөт:

Биринчи деңгээл – балдарды эл аралык-укуктук коргоо деңгээли. Мында төмөнкүдөй эл аралык-укуктук маанилүү документтар иштейт:
– Адам укуктарынын жалпы декларациясы, 1948-ж.,
– Баланын укуктары жөнүндө БУУ Конвенциясы, 1989-ж.,
– БУУнун минималдуу стандарттык эрежелери, 1985-ж.,
– Балдардын бакубат жашоосун, аларды коргоону жана өнүктүрүүнү камсыздоо жөнүндө бүткүл дүйнөлүк декларация, 1990-ж. ж.б..

Мамлекеттик коргоо саясатынын түздөн-түз механизми БУУнун Эл аралык сотунун, Баланын укуктары боюнча БУУнун Комитетинин, Адам укуктары боюнча жогорку комиссардын иштеринде берилген. Баланын укуктары боюнча БУУнун Комитети Баланын укуктары жөнүндө конвенцияга катышкан мамлекеттерге балдардын укуктарын коргой турган көз карандысыз мекемелерди, органдарды, кызматтарды түзүүнү ыраатуу сунуштап келет.

Экинчи деңгээл – бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасында балдардын жашоо-турмушунун бардык чөйрөлөрүн камтыган жана аларды социалдык жактан коргоо чараларын күчөтүүгө багытталган көп сандагы ар кандай ченемдик укуктук актылар бар. Ошол эле учурда, жашы жете электердин укуктарын коргоонун укуктук механизминде биримдик жана бүтүндүк жок, адатта ченемдик укуктук актылар жашы жете электердин укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын практикалык ишке ашыруунун жана натыйжалуу коргоонун бирдиктүү тутумдук түзүүчү камсыздоо-факторун эске албастан кабыл алынат. Кыргыз Республикасында баланын укуктары Кыргыз Республикасынын Конституциясы, Кыргыз Республикасынын Үй-бүлө кодекси, Кыргыз

Республикасынын Эмгек кодекси, жарандардын ден-соолугун коргоо боюнча мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө", "Үй-бүлөлүк зомбулуктан социалдык жана укуктук коргоо жөнүндө" мыйзамы, Кыргыз Республикасынын "Балдар жөнүндө" кодекси, Кыргыз Республикасынын Жазык кодекси жана Кыргыз Республикасынын Жоруктар жөнүндө кодексине жана башка ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынат.

Бирок жашы жете электердин укуктарын кепилдеген көптөгөн мыйзамдарга карабастан, бул жаатта мыйзам бузуулар күн сайын көбөйүүдө. Мисалы, Башкы прокуратуранын Коррупцияга каршы күрөшүү жана мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө бөлүмүнүн прокурору тегерек столдо сүйлөгөн сөзүндө жашы жете электер көбүнчө республикада кайсыл жерлерде кылмыштан жабыркап жаткандыктарын жана алардын укуктары бузулуп жаткандыгын айтты. Анын берген маалыматы боюнча, 2017-жылы республиканын прокуратурасы тарабынан жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын көзөмөлдөө боюнча жүргүзүлгөн текшерүүлөрдүн жыйынтыгында 1759 прокурордук чара көрүү актысы киргизилип, 29 кылмыш иши козголгон. Прокурордун чара-көрүү актыларына ылайык, 1823 адам тартип жоопкерчилигине тартылган. [Электронный ресурс. Точка доступа: https://kloop.kg/blog/2019/12/26/ terpi-kak-domashnee-nasilie-ubivaet-detej-i-kalechit-sudby/]. Жашы жете электерге каршы мындай мыйзам бузуулар жана кылмыштар күндөн-күнгө көбөйүп баратат, биздин оюбузча, жашы жете электердин укугун коргоо жаатындагы бардык ченемдик укуктук актылардын бирдиктүү тутумга алып келмейинче, балдарга карата мындай укук бузууларды жоюуга прокуратура органдары канчалык аракет кылбасын аны түп тамырынан жок кылууга жетиштүү болбойт.

**Үчүнчү бөлүк - "Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин укуктук негиздери" бөлүгүндө** - балалык жөнүндө камкордук, жашы жете элек жарандарды коргоо — мамлекеттин жана прокуратура органдарынын ишиндеги артыкчылыктуу багыт экендиги белгиленет.

Диссертант илимий изилдөөнүн негизинде прокуратура органдарынын ишинин укуктук негизин Кыргыз Республикасынын Конституциясы, "Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жана башка ченемдик укуктук актылар, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Башкы прокурорунун укуктук актылары (мындан ары – Башкы прокурор) түзөрүн белгилейт. Кыргыз Республикасынын прокуратурасын уюштурууну жана анын ишин

конституциялык-укуктук жөнгө салуу, чындыгында, Кыргыз Республикасынын Конституциясынын, негизинен, бардык түрдөгү жана деңгээлдеги прокурордун укуктарын жана милдеттерин бекемдеген жалгыз беренеси аркылуу жүзөгө ашырылат. Жогоруда аталган мыйзамга ылайык, прокуратурага Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган функцияларды аткаруу жүктөлүүгө тийиш эмес. Бул мыйзамдын 22-беренеси прокуратуранын жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын коргоочу ыйгарым укуктарын бекитет.

Прокуратура органдарынын иши мыйзамдар, анын ичинде, “КР прокуратурасы жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы менен регламенттештирилет. Прокурордун жазыктык, жарандык сот өндүрүшүндөгү процесстик жобосу ушуга ылайык Кыргыз Республикасынын Жазык-процесстик кодекси (КР УПК), Кыргыз Республикасынын Жарандык процесстик кодекси (КР ЖПК) ж.б. менен регламенттештирилет.

Ушуга байланыштуу, прокуратура органдарынын жарандардын укуктары менен эркиндигин, анын ичинде, жашы жете электердин укуктары менен кызыкчылыктарын жүзөгө ашыруу жаатында мыйзамдуулукту камсыздоого багытталган иши өзгөчө олуттуулукка ээ болууда. Бул бүгүнкү күндө жарандын укуктары менен эркиндигине, жарандык коомдун кызыкчылыктарына карата артыкчылыкты жар салган мыйзамдуулукту жана кыргыз мамлекеттүүлүгүн камсыздоо механизминде прокуратура аткарган реалдуу ролдун шайкеш чагылуусу болуп саналат.

**Экинчи глава – «Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруучулук негиздери»** – Кыргыз Республикасындагы жашы жете электердин укуктарын камсыздоо тармагындагы прокуратуранын ишмердүүлүгүнүн негиздери каралып, жана ошондой эле балдардын укуктарынын бузулушундагы прокуратуранын реакция берүүсүнүн механизми караган. Глава үч бөлүктөн турат.

**Изилдөөнүн объектиси** - жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук көзөмөлдү жүзөгө ашырууда пайда болгон укуктук мамилелерди уюштуруу болуп саналат.

**Изилдөөнүн предметин** - жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жана укуктук камсыздоо түзөт.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин** таанып-билүүнүн жалпы илимий жана жеке илимий методдор түздү, мисалы: логикалык, салыштырмалуу-укуктук, тутумдук талдоо, тарыхый-юридикалык.

**Биринчи бөлүктө – «Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо**

**чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруу» болүгүндө** – жашы жете электердин укуктарын сактоону көзөмолдөо процессинде прокурор аткарган уюштуруучулук чаралар текшерүүлөрдү жүргүзүү менен гана чектелбестен, жашы жете электердин укуктарын сактоо чөйрөсүндө мыйзамдуулуктун абалына анализ жүргүзүүгө, жашы жете электердин укуктук сабаттуулугуна, жашы жете электердин көзөмолсүздүгүн, багуусуз калгандыгын, укук бузууларын жана коомго каршы аракеттерин алдын алууга, ошондой эле башка уюштуруу иш-чараларын өткөрүүгө багыттала тургандыгы деталдуу талданат жана белгиленет.

Автор бул бөлүктө, азыркы мезгилде Кыргызстандагы мамлекеттик-укуктук курулуш өнүгүүнүн өзгөчө ургаалдуу агымдары менен мүнөздөлө тургандыгын белгилейт. Колдонуудагы мыйзамдардын негизги тармактарында терең реформалоо жүрүүдө жана анын жүрүшүндө буга чейин иштеген ченемдер олуттуу өзгөрүп жана толукталбастан, ошондой эле мурда укук аркылуу жөнгө салынбаган коомдук мамилелер предмети болуп саналган, сапаттык жактан жаңы укуктук эскертүү буйруктары келип чыгат. Белгиленген тенденциянын масштабын ачык көрсөткөн мисал катары Кыргыз Республикасынын жазык мыйзамдарын реформалоону атаса болот, бул кандай болсо да аталган ченемдик укуктук актынын ар бир түзүмдүк компонентин козгоп турат. [Электронный ресурс. Точка доступа: http://www.adilet.kg/ru/news/full/423. Анализ к проекту Закона Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые законодательные акты Кыргызской Республики в сфере уголовного законодательства» 23.06.2020]

Диссертан белгилегендей түзүлгөн кырдаал жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын системасынын иш сапатына өзгөчө бийик талаптарды коет. Бир жагынан, колдонуудагы мыйзамдардын аткарылышын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча функцияларды аткаруу айтылган шартта айрыкча татаалдыкты жаратат. Экинчи жагынан, аталган тенденциялардан улам, илимий коомчулук прокуратуранын ишин регламенттештирүүчү укуктук жазма буйруктардан тапкан ченемдик мүчүлүштүктөр мыйзам чыгаруучу тарабынан оңдолуп, түзөтүлүшү мүмкүн жана бул өз кезегинде прокуратура органдарынын ишинде уюштуруучулук өзгөртүүлөргө алып келиши ыктымал. Прокуратура органдарынын ишинин уюштуруучулук моделин талдоого киришип жатып, КР Конституциясы прокуратура органдарынын түзүмүн түздөн-түз жөнгө салуучу укуктук ченемдерди камтыбай тургандыгын белгилей кетүү керек. Ушундай эле жолдо Негизги мыйзамда прокуратура органдарынын системасынын ыйгарым укуктары жөнгө салынат жана мындан алардын функциялары келип чыгат. Ошол эле учурда, мамлекеттик бийлик органдарындагы талдоого алынып жаткан системанын иштеринин концептуалдуу башталыштары конституциялык деңгээлде жөнгө салынган эмес.

Прокурордун ишин уюштуруу өзүнө төмөнкүлөрдү камтыйт:
- прокуратура органынын кызматкерлеринин ортосунда милдеттерди бөлүштүрүү жана кызматкерге жашы жетс электердин укуктарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүү боюнча милдеттерди жүктөөнү;
- каралып жаткан чөйрөдө мыйзамдуулуктун абалына талдоо жүргүзүүнү, анын ичинде, прокурордун статистикалык отчеттуулугуна талдоо жүргүзүүнү;
- прокуратура органдарында жашы жете электердин укуктарынын сакталышына көзөмөл жүргүзүү боюнча иштерди пландаштырууну;
-тапшырмалардын, текшерүүлөрдүн, чечимдердин, прокурордук чара көрүү актыларынын аткарылышын контролдоону уюштурууну;
- ченемдик укуктук актыларды системалаштырууну уюштурууну ж.б.

Прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн багыттарынын бири катары төмөнкү маалыматтарды келтирүүгө болот: билим берүү жөнүндө мыйзамдардын аткарылышын аткарууга көзөмөлдөө боюнча 2017-жылы жана 2018-жылдын 1-кварталында республиканын прокуратура органдары тарабынан 380 жооп актысы келтирилген, ал боюнча дисциплинардык жана администрациялык жоопко 705 адам тартылган. Сотко 15 доо арызы берилген.[Электронный ресурс. Точка доступа: http://kabar.kg/news/s-nachala-goda-organami-prokuratury-vyiavleno-bolee-3-3-tys-narushenii-zakonov-o-nesovershennoletnikh/ Бишкек, 28.06.18. /Индира Камчыбекова - Кабар/.]

**Экинчи бөлүктө – «Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүү тактикасынын жана усулдугунун өзгөчөлүктөрү» бөлүгүндө** прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүүнүн өзгөчөлүктөрүнө изилдөө жүргүзүлөт.

Тергөө тактикасынан айырмаланып, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасынын өзгөчөлүктөрү жетиштүү иштелген эмес. Андыктан прокурордук көзөмөлдүн тактикасынын негиздерин илимий жактан иштеп чыгуу жана аларды прокурорлордун иш тажрыйбасына жайылтуу прокуратуранын бүтүндөй мыйзам коргоочулук ишмердигинин натыйжалуулугун жогорулатууга жардам берет.

Диссертант белгилегендей, прокурордук текшерүүлөрдүн тактикасы же прокурордук тактика маселелери прокурордук көзөмөл теориясында жетишерлик эмес иштелип чыккандыктан, бул белгилүү бир өлчөмдө прокурордук көзөмөлдүн натыйжалуулугуна тескери таасир этерин белгилеп коюу зарыл. Белгилүү болгондой, кайсы болбосун звенодогу прокурордун алдында күн сайын мындай милдеттер турат: «Чечүү зарыл болгон көптөгөн маселелердин ичинен кайсынысына артыкчылык берүү керек; бүгүн эмне кылуу керек, ал эми кийинки күндөрүчү; өзүң эмне иш аткарасың, башка прокурор кызматкерлерчи, ал

эми контролдоо органдарына жана башка органдарга эмнени аткарууну тапшырасың же алар менен биргелешип аткарасыңбы.

Көзөмөлдүк жана башка иштерди уюштуруу жана жүзөгө ашыруу процессинде прокурорго өзүнүн алдында турган милдеттерди мыкты деңгээлде ишке ашыруу максатында дайыма колдо бар күчтөрдү жана каражаттарды маневрлештирүүгө туура келет. Ушуну менен бирге, андан анча көп эмес прокурордук кызматкерлер менен мүмкүн болушунча чоң көлөмдөгү ишти жогорку сапатта аткаргыдай кылып ишти уюштуруу талап кылынат. Прокурор алдыда күтүлгөн чоң көлөмдөгү иштин эң башкы, маанилүүсүн бөлүп алууга, кол алдындагы кызматкерлердин күч-аракеттерин негизги, маанилүү милдеттерди чечүүгө, тактап айтканда, биринчи кезекте жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук текшерүүлөрдү жүргүзүү үчүн буруууга тийиш. Анын өзүнө мыйзам менен берилген ыйгарым укуктарды өтө натыйжалуу пайдалануу, укук каражаттарын келип чыккан ар бир конкреттүү кырдаалга карата билгичтик менен колдонуу тартибин аныктоого туура келет.

В.Б. Ястребовдун пикири боюнча тактика — бул прокурордун прокурордук көзөмөлдү эң мыкты уюштуруу жана жүзөгө ашыруу жолдорун (усулдарын жана ыкмаларын), эң мыкты соңку жыйынтыктарга жетишүү максатында түзүлгөн кырдаалды эске алуу менен башка ишти аныктоосу жана ишке ашыруусу болуп саналат. "Тактика" термини гректерден келип чыккан. Биринчи жолу бул термин аскердик иште колдонула баштаган, анткени ал согушту даярдоо жана жүргүзүү искусствосун же белгиленген аскердик милдетке, максатка жетишүүчү каражаттардын жана ыкмалардын жыйындысын билдирген [Ястребов В.Б. Надзор за исполнением законов [Текст]: /В кн.: Прокурорский надзор /Под ред. А.Я. Сухарева. – М.: Эскимо, 2003. С.34.] Тактика ошол учурдагы конкреттүү кырдаалга эң ылайык келген жана стратегиялык ийгиликти бардыгынан ишенимдүү камсыздаган күрөштүн жолдорун жана каражаттарын, формаларын жана жолдорун аныктайт. Анын пикири боюнча прокурордук көзөмөл усулдугу деп мыйзам бузууларды жана ага шарт түзгөн жагдайларды аныктоо, жоюу жана алдын алуу максатында прокурор тарабынан колдонулуучу усулдар менен ыкмалардын жыйындысы түшүндүрүлөт.

Каралып жаткан маселеге келсек, усул деп милдетти чечүүнүн жолдорун жана каражатын түшүнсө болот: мисалы, жашы жете электер жөнүндө айрым мыйзам бузууларды ачууну. Бул мааниден алганда, прокурордук текшерүү, биринчи кезектеги айрым иш-аракеттерди аткаруу жөнүндө тапшырманы башка прокуратурага жөнөтүү сыяктуу көзөмөлдүк иш-аракеттер жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын бузулушун аныктоо усулун билдирет.

Ыкма деп, мисалга, прокурордун чындыкты аныктоо, укук бузуулардын ж.б.дын алдын алуу максаттарына кызмат кылган конкреттүү иш-аракети түшүндүрүлөт.

Автор усул ыкмага карата тектеш түшүнүк катары алынат же жалпыдан жекечеге өтүү болот экендигин белгилейт. Бир усулдун чектеринде бир же ал тургай бир нече ыкмалар колдонулушу мүмкүн. Мисалы, прокурордук текшерүү сыяктуу усулдун чектеринде документтер менен таанышуу, түшүнүктөрдү суратып алуу, документтердин көчүрмөсүн чыгарып алуу жана башка ыкмалар колдонулушу ыктымал.

Усулдук усулдар менен ыкмалардын комплексин (системасын) камтыйт жана аларды прокурор тигил же бул милдетти аткаруу максатында колдоно алат. Ушуну менен бирге, усулдар менен ыкмалар адатта милдеттүү эмес, сунуштоо иретинде, мүнөзүндө боло тургандыгын эске алып коюу керек. Андыктан аларды көп учурда сунуш деп аташат. Юридикалык адабиятта ыкмаларды адатта уюштуруучулук, тактикалык жана техникалык деп бөлүшөт.

**Үчүнчү бөлүктө - «Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишин уюштуруу маселелери»** - бөлүгүндө акыркы мезгилдерде мамлекет тарабынан балдардын укуктары боюнча маселелерге өзгөчө көңүл бурулуп жаткандыгы белгиленет. Мамлекеттин үй-бүлөнү, энелик жана балалык укуктарды коргоо милдеттери КР Конституциясында бекитилген жана ушул аркылуу мамлекет императивдик редакцияда эненин, баланын жана үй-бүлөнүн кызыкчылыктарын ар тараптуу коргоону өзүнө алган. Жашы жете электердин коомдогу укуктары менен кызыкчылыктарын коргоонун кепилдиктеринин бири – жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл болуп саналат жана бул коом менен мамлекет турмушунун бардык тармактарында балдардын кызыкчылыктары жана бакубат жашоосу артыкчылыкка ээ деген принциптен келип чыгат. Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөл тууралуу көйгөйлүү маселени карап жатканда мамлекетте түзүлүп жаткан ювеналдык юстиция системасынын маанилүү бөлүгү катары жашы жете электердин иштери жана алардын укуктарын коргоо боюнча комиссиялардын ишинде мыйзамдуулуктун сакталышына байкоо жүргүзүүгө токтолуу өзгөчө зарыл.

Диссертанттын пикири боюнча социалдык жактан корголбой калган, ошондой эле тарбиялоочу колониядан бошотулган жашы жете электердин, жабык түрдөгү атайын окуу-жалпы тарбиялоо уюмдарынан чыгарылган балдардын категориясы өзгөчө тынсызданууну жаратат. Мындай жашы жете элек балдарды милдеттүү түрдө ишке орноштуруу, алар үчүн жумушчу орундарын түзүү, жумушчу орундарын квоталоо зарыл.

Илимий ищте прокурорлордун аз эмес кооптонуусун камкордук көрүү жана багуу органдарынын ишинде мыйзамдуулуктун бузулуусу турары белгиленет. Анча чоң эмес шаарларда жана айылдарда кадрлардын жоктугуна, камкордук көрүү жана багуу органынын кызматкерлердин билими, кесиптик билимдеринин жоктугуна байланыштуу кыйынчылыктар жаралууда. Прокурорлор прокурордук текшерүү процессинде колдонуудагы мыйзамдарды түшүндүрүшөт, аталган органдардын кызматкерлерине сот документтерин, башка документерди даярдоого жардам беришет. Балким, камкордук көрүү жана багуу органдарынын иши жөнүндө жаңы мыйзамдар бул кыйынчылыктарды чечүүгө шексиз жардам берет.

Жашы жете электер жөнүндө мыйзамдардын аткарылышына прокурордук көзөмөлдүн практикасындагы дагы бир көйгөй прокурордун жарандык процессте өз ыйгарым укуктарын толук өлчөмдө жүзөгө ашыруу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугуна байланыштуу. Жарандын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргогон кайрылуу, эгерде жаран ден соолугунун абалына, жаш курагына, аракетке жөндөмсүздүгүнө жана башка жүйөлүү жагдайларга байланыштуу өзү сотко кайрыла албаган учурда гана, прокурор тарабынан берилиши мүмкүн.

Жогоруда айтылгандардан улам, Башкы прокуратуранын бир бөлүгүндө жашы жете электердин иштери боюнча прокурордук көзөмөлдүн бардык багыттарын топтоо өтө зарыл болууда. Бул, бир жагынан, калктын аталган социалдык-жаш курактагы категориясынын укуктарын коргоонун өзгөчөлүгү, анын системалуу, комплекстүү чараларды талап кыла тургандыгы менен, экинчи жагынан – баланын укуктук статусунун өзгөчөлүктөрү менен түшүндүрүлөт.

Андан тышкары, бүгүнкү күндө балдардын жашоого, билим алууга, саламаттыгын сактоого жана медициналык жардамга, социалдык камсыздалууга жана социалдык тейлөөгө, жакшы шарттарга жана эмгек акысынын төлөнүшүнө, турак-жайга болгон негизги укуктары мыйзам тарабынан жөнгө салынган, бирок жашы жете электердин укутук аң-сезиминин төмөн деңгээлине байланыштуу алар сакталбай келет.

Ошентип, мыйзамдарды аткаруудагы прокурордук көзөмөлдү уюштуруу проблемалары актуалдуу, талаптуу бойдон калып, андан аркы илимий иликтөөгө муктаждыкты жаратууда.

**Үчүнчү глава – «Прокуратура органдарынын ишин жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө уюштурууну өркүндөтүүнүн негизги багыттары»** эки бөлүктөн турат.

**Биринчи бөлүктө – «Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин уюштуруучулук негиздеринин натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдору» бөлүгүндө**

– жашы жете электердин кызыкчылыктарын коргоо жаатында прокуратура органдарынын ишин өнүктүрүүнүн келечектери изилденет.

Прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүндө жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө да прокурордук көзөмөлдүн эффективдүүлүгүн жогорулатуу маселелерине да маани берилет. Эффективдүүлүк прокурордун ишинин натыйжалуулугу, аракеттүүлүгү менен түшүндүрүлөт. Профессор Ю.Е. Винокуровдун пикири боюнча көзөмөлдөө ишмердүүлүгүнүн эффективдүүлүгүн мыйзамдуулуктун абалына таасир этүү көз карашында, ал прокурордун кесипкөйлүгү, прокурордун кызматтык милдеттерине ак ниеттүүлүк менен мамилеси, аймактын демографиялык, социалдык-экономикалык, саясий, криминогендик кырдаалы тууралуу прокурордун маалыматтуулугу сыяктуу маанилүү өбөлгөлөрдү аныктайт. [Винокуров Ю.Е. Характер прокурорско-надзорной деятельности и предпосылки её эффективности // Административное и муниципальное право. 2013. № 6.]

Ал эми прокурордун ишмердүүлүгүн баалоо критерийи аналитикалык ишинин абалы, пландоо, аткаруучулук тартиби, методикалык иши, кадрлар менен иштөө абалы, көзөмөлдүк текшерүүлөрдүн сапаты, прокурордук жооп актыларынын жыйынтыктуулугу аркылуу аныкталат.

Бул бөлүктө автор, балдарды натыйжалуу коргоону камсыздоо үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө балдарды коргоо боюнча программалардын алкагында үзгүлтүксүз баалоо, көз салуу жана отчеттуулук механизмин түзүү аркылуу өз милдеттенмелеринин аткарылышын сактоосу зарыл экендигин белгилейт.

Ишеним телефондорунун камтылышын кеңейтүү керек; үй-бүлө жана балдарды колдоо боюнча бөлүмдөрдүн (ҮББКБ), социалдык кызматкерлердин (жергиликтүү деңгээлде), жашы жете электердин иши боюнча тескөөчүлөрдүн, мектептерде социалдык педагогдордун ишин чыңдоо: кызматтык так нускамалар, окутуу (негизги компетенциялар), материалдык-техникалык камсыздоо, бюрократиянын аз болушу жана балдар/ үй-бүлөлөр/ коомчулуктар менен көбүрөөк түздөн-түз жана туруктуу иштөө; мыйзамдардын натыйжалуу аткарылышы; коррупция жана жазасыздык менен күрөшүү боюнча чечкиндүү аракеттер; мыйзамдар жөнүндө маалыматтуулукту жогорулатуу.

Ошентип, жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук негиздеринин эффективдүүлүгүн жогорулатуу максатында оң натыйжалуу чет өлкөлүк тажрыйбаны өздөштүрүү зарылдыгын түшүнүп жатабыз.

**Экинчи бөлүмдө – «Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ишинин укуктук негиздерин өркүндөтүү»** – бөлүмүндө прокуратура органдарынын жашы

жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү ченемдик укуктук актыларды жана тиешелүү укуктук ченемдердин жашы жете электерди мамлекеттик коргоо бөлүгүндө классификациялоо боюнча ишинин укуктук негиздерин оптималдаштыруу изилдөөгө алынат. Бул изилденип жаткан чөйрөдөгү мыйзамдарды өркүндөтүүнүн негизги багыттарын аныктоого мүмкүндүк берет.

Бүгүнкү күндө түзүлгөн кырдаалда жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратуранын көрүнүктүү потенциалы жогорку талапка ээ, ал коомдук укук тартибин бекитүү ишинде маанисин жана ордун гана жоготпостон, тескерисинче, өлкөдө конституциялык мыйзамдуулукка, жашы жете электердин укуктарына жана эркиндиктерине кепилдик берген аракети бар институт катары белгиленди, себеби Кыргыз Республикасынын прокуратура ишинде гана жашы жете электердин укуктарын сактоого көзөмөл түпкүрүнөн алганда биринчи орунда турган, көп талаптуу функциялык багыттардан болуп саналат. Прокуратура жөнүндө азыркы мыйзамдарда приоритеттүү багыт катары прокуратура органдарынын укук коргоо ишмердүүлүгү каралат. Бул бузулган укук жана кызыкчылыктарды коргоодогу көңүл чордону жарандардын, ошондой эле жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин коргоо менен биргелешкендигин билдирет.

Балдардын кызыкчылыгындагы натыйжалуу саясат ар бир өлкөдө балдардын ушул жобосун, алардын муктаждыктарын жана ал муктаждыктарды мыктылап канааттандырууну так билүүгө жана түшүнүүгө негизделүүгө тийиш. Ошол эле учурда, мамлекеттин кабыл алынган эл аралык-укуктук милдеттенмелерди аткаруусу балдардын укуктарын коргоочу туруктуу иштеген көз карандысыз механизмдерди түзбөстөн камсыздоо мүмкүн эмес экендиги талашсыз. Бул маселе Кыргыз Республикасы үчүн өтө актуалдуу, анткени коомдо өтүп жаткан социалдык-экономикалык жана саясий өзгөрүштөр республика калкынын социалдык жактан корголбогон топторунун абалына абдан терс таасирин тийгизди. Милдет - балдардын кызыкчылыктарын коргой ала турган органды түзүүдө турат, ошол эле учурда, балдардын өзүнчө бир таянычы болуу менен, мамлекеттик саясатка сын көз караштагы талдоо жасоо зарыл. Мындан тышкары, бул орган балдардын абалы тууралуу анык, так маалыматтардын булагы болууга тийиш.

## ТЫЯНАКТАР

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштурууга жүргүзүлгөн изилдөө бир катар олуттуу тыянактарды жасоого мүмкүндүк берди.

1. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдү уюштуруу мындай уюштуруунун жалпы

теориялык принциптерине, прокуратуранын ишин уюштуруунун жалпы принциптерине жана балдардын укуктарын коргоону уюштуруу принциптерине негизделет.

2. Изилдөөлөрдү эске алып, биз жашы жете электер коомдун эң аярлуу топторунун бири болуп саналат деп эсептейбиз. Бул балдардын табигый (жаш курагы боюнча) физикалык жана психикалык жактан калыптана электиги аларга өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын жеке алдынча коргоп, сактоого мүмкүндүк бербей жаткандыгына байланыштуу. Жашы жете электерди тарбиялоо, окутуу, алардын толук кандуу өнүгүүсү үчүн шарттарды түзүү, алардын укуктары менен мыйзамдуу кызыкчылыктарын коргоо, сактоо ар дайым коомдук өнүгүүнүн эң маанилүү багыттарынын бири катары каралып келген. Бул жердеги олуттуу көйгөй -жашы жете электердин укуктук статусун конкреттештирүү болуп саналат, анткени “баланын укуктары”, “жашы жете электердин укуктары” жана “балалыкты коргоо” түшүнүктөрүнүн ортосунда так ажыратуу болбогондугу ушундай учурларда келип чыккан мамилелерди жөнгө салуучу ченемдердин аракетсиздигине алып келет.

3. Мамлекеттик саясат жашы жете электерге берилген укуктар менен кепилдиктер чоңдорго караганда кыйла көлөмдүү болот деген жалпы таанылган жобону жетекчиликке алары иште көрсөтүлөт, мындан улам алардын аткарылышын жана калыбына келтирилишин көзөмөлдөө жөнөкөй милдеттерден эмес экендиги белгилүү. Демек, прокуратура органдары көзөмөлдүн ушул тармагына өзгөчө көңүл буруп, жашы жете электердин укуктарын камсыз кылууда бул жааттагы координациялык орган катары прокуратуранын бардык мүмкүнчүлүктөрүн жана компетенттүүлүктөрүн максималдуу деңгээлде колдонуусу зарыл

Мындай талашсыз фактыга карабастан, Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 17-июлундагы № 224 «Кыргыз Республикасынын Прокуратурасы жөнүндө» мыйзамында көзөмөлдөө ишинин бул багыты расмий ырастоосун тапкан жок, бул автордун пикири боюнча, мыйзамга туура келбейт.

4. Мыйзамдуулукту көзөмөлдөөчү жана адам укуктарын коргоочу орган катары прокуратура кыйыр түрүндө - жарандардын укуктарын жөнгө салуучу мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл аркылуу, ошондой эле түздөн-түз – жарандарга укуктарын ишке ашырууда, бузулган укуктарын калыбына келтирүүдө адамдарга, анын ичинде, мыйзамдын так ченемдери жокторго көмөк көрсөтүү аркылуу, ошондой эле мыйзам чыгаруучулук иш-аракеттерге катышуу аркылуу укук коргоочулук ишмердикти жүзөгө ашырат.

5. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокуратура мыйзамдардын, жарандардын укуктары менен эркиндигинин сакталышына көзөмөл жүргүзүүчү орган катары эле эмес, басымдуу

даражада жашы жете электерге алардын укуктары менен кызыкчылыктарын ишке ашырууга, алар бузулган учурда калыбына келтирүүгө көмөк көрсөтүүчү укук коргоочу орган катары иш жүргүзөт.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн мазмунун төмөнкүлөр түзөт: балдардын укуктарын бузушкан мамлекеттик бийлик органдарынын, башка органдардын жана уюмдардын, алардын кызмат адамдарынын иш-аракеттеринин бетин ачуу, токтотуп коюу жана сот чечими боюнча укуктук актыларды жокко чыгаруу;

- жашы жете электер жана алардын укуктарынын кепилдиктери жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүүгө катышуу;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн укук камсыздоочу ишине контролдук жасоо;
- жашы жете электердин укуктарынын бузулуусун, анын ичинде, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде бузулуусун ачып чыгуу;
- жарандык жана жазыктык сот өндүрүшүнүн алкагында жашы жете электердин кызыкчылыктарын коргоо.

6. Мындан тышкары, Баланын укуктары жөнүндө конвенцияны колдонууда келип чыккан көйгөйлөрдү жоюу максатында (мамлекеттер дайым эле качкындардын балдарына жана чет өлкөлүктөрдүн балдарына коргоону кепилдик беришпейт; балдардын укуктарын эң мыкты камсыздоо анын түздөн-түз катышуусу аркылуу гана сакталат жана жаш курак категориясына, жыныстык таандыгына ж.б. карата көз каранды болбоого тийиш; жашоого болгон укук принциби, ар бир баланын бакубат жашоосу жана өнүгүүсү Конвенцияны ратификациялаган айрым мамлекеттер тарабынан сакталбай келет; баланын пикирин урматтоо тиешелүү деңгээлде камсыздалбайт, балдарга сот адилеттиги жеткиликсиз) Генералдык Ассамблеянын ар бир сессиясында, атайын сессияларда катышуучу өлкөлөргө Конвенциянын универсалдуулугу тууралуу документти эске салуу зарыл. Муну менен эч кандай улуттук, маданий же диний мүнөздөгү эрежелер адамдын жалпы таанылган укуктарын чектей албай тургандыгы түшүндүрүлөт.

7. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн натыйжасында, автор тарабынан жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү прокурордук көзөмөлдүн максаттарынын түзүмүн, ошондой эле анын уюштуруучулук түзүмүн өркүндөтүүгө багытталган сунуштар даярдалган. КР прокуратурасы жөнүндө мыйзамда прокуратура органдарынын функцияларынын ичине прокуратура тарабынан жарандарга укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү, укуктардын бузулушуна бөгөт коюу жана прокурордук көзөмөлдүн каражаттары аркылуу аларды калыбына келтирүүгө жардам берүү максатын койгон функцияны кошуу керек.

Мындан тышкары, балдар менен (14 жашка чейинки) иштөөнү, айрыкча алардын укуктук сабаттуулугун жана маалымдуулугун баланын жаш курагын жана психологиялык өзгөчөлүгүн эске алуу менен, программа/концепция же башка стратегиялык документ иштеп чыгуу зарыл.

8. Прокуратуранын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү иштерин төмөнкүдөй максаттарды көздөгөн функциялар менен толуктоо керек:

а) мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, контролдоочу органдардын, алардын кызмат адамдарынын, ошондой эле коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдары жана жетекчилер жашы жете электердин укуктарын сактоосу,

б) жашы жете электерге укуктарын ишке ашырууга көмөктөшүү, жашы жете электердин укуктарынын бузулуусуна бөгөт коюу жана аларды калыбына келтирүүгө жардам берүү.

9. Прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндөгү борбордук көйгөйлөрүнүн бири – мыйзамдуулук абалында узак мезгилге чейин чукул өзгөрүүлөрдүн болбогондугу. Тилекке каршы, жашы жете электер өздөрүнүн корголуу экендигин сезишпейт, ошол эле учурда, жылдан-жылга көрүлгөн чараларга карабастан, прокурорлордун ачкан мыйзамга каршы фактыларынын жалпы саны туруктуу жогору. Айтмакчы, кээде айрым тармактар боюнча укук бузуулардын саны азайгандыгы катталат, бул, биздин пикирибизде, тиешелүү чөйрөлөрдөгү кайсы бир позитивдүү өзгөрүүлөрдү эмес, чындыгында, прокуратура күчтөрүн жана каражаттарын кайра бөлүштүрүүнүн натыйжасы экендигин ырастап турат.

Ушуга байланыштуу, биз мамлекетке ББжИнин билим берүү стандарттарында “Адам жана коом” окуу курсунун мазмунуна өзгөртүү киргизүүнү, курстарды жаштар үчүн тажрыйбалык багытка бурууну сунуштайбыз. Ошондой эле укуктук тематикадагы темаларды көп киргизүү керек.

10. Жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө прокурордук көзөмөлдүн уюштуруучулук түзүмүн жакшыртуу максатында төмөнкүлөр зарыл:

а) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын коррупцияга каршы аракеттенүү жана мыйзамдардын аткарылышына көзөмөл боюнча иштеп жаткан башкармалыгына, жашы жете электердин иштери боюнча бөлүктөргө өзгөртүүлөр киргизилсин;

б) алардын компетенциясына төмөнкүдөй функциялар өткөрүлүп берилсин же түзүлсүн:

- мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, контролдоочу органдардын, алардын кызмат адамдарынын, ошондой эле коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдары жана жетекчилери жашы жете электер жөнүндө мыйзамды аткаруусуна көзөмөлдү;
- мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, контролдоочу органдардын, алардын кызмат адамдарынын, ошондой эле коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын башкаруу органдары жана жетекчилер жашы жете электердин укуктарын сактоосуна көзөмөлдү;
-ыкчам-издөө иштерин, алгачкы текшерүү жана алдын ала тергөө жүргүзүүчү органдардын жашы жете электер жөнүндө мыйзамды аткаруусуна көзөмөлдү;
- жашы жете электердин кылмыштуулугу жана укук бузуулары менен күрөшүүчү укук коргоо органдарынын ишин координациялоону.

11. Салыштырмалуу жакында калыптанган жана жетишерлик прогрессивдүү болуп саналган Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары, айрыкча кеп Кыргыз Республикасынын прокуратура органдарынын жашы жете электердин укуктарын коргоо чөйрөсүндө иши тууралуу жүрүп жаткандыктан, алар мындан аркы өркүндөтүүгө, тактоого, конкреттештирүүгө муктаж. Аны мындан ары жакшыртуунун жолдорун аныктоо үчүн колдонуудагы ченемдик базага, укук колдонуу ишмердигине, максаттуу программалардын аткарылышына деталдуу талдоо жүргүзүү зарыл.

12. Өлкөдө балдардын укуктарын коргоонун ар кандай жолдору болгондугуна карабастан, жашы жете электердин юридикалык жактан корголуусу жакшыртууну талап кылат. Соттор, прокуратура, адвокатура сыяктуу жашы жете электердин укуктарын коргоочу белгилүү институттар иштеп турса да, адамдын, анын ичинде, жашы жете электердин эркин өнүгүүсүнө болгон улам өсүп бараткан муктаждыктарын, анын пукура демократиялык коомдо жашоого умтулуусун канааттандыруу барган сайын жетишсиз болууда. Ушуга байланыштуу, жашы жете электерге өз укуктарын токтоосуз жана натыйжалуу коргоого мүмкүндүк берген жаңы механизмдерди түзүүгө болгон муктаждык келип чыгат. Бүткүл дүйнө жүзүндө адистештирилген омбудсмендер, анын ичинде, балдардын омбудсмендери да түзүлүүдө. Дүйнөлүк тажрыйба бул институттун жогорку натыйжалуулугун ырастады.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ИЛИМИЙ МАКАЛАЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:

1. Чыныбаева, Н.Ж. К вопросу имплементации международных стандартов в области соблюдения прав детей национальное законодательство [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева // Вестник КГЮА. - 2014. - № 2. – С. 15-20.
2. Чыныбаева, Н.Ж. Проблемы осуществления прокурорского надзора в сфере защиты прав детей, усыновленных иностранными гражданами [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева // Вестник КГЮА. - 2014. - № 2. – С. 316-322.
3. Чыныбаева, Н.Ж., Аскарбеков, Д.Э. Современное состояние преступности несовершеннолетних в Кыргызской Республике [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева, Д.Э.Аскарбеков // Modern Science. - 2018. - № 6. – С. 17 - 20.
4. Чыныбаева, Н.Ж., Мусабаева, Н.А. Актуальные направления прокурорского надзора за исполнением законов о несовершеннолетних (на материалах Кыргызской Республики) [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева, Н.А. Мусабаева // Modern Science. - 2018. - № 6. – С. 21-26.
5.Чыныбаева, Н.Ж. Возрастные, психологические и региональные особенности преступности несовершеннолетних [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева // Вестник КГЮА. - 2018. - № 2. – С. 290-296.
6. Чыныбаева, Н.Ж., Сапаралиева Г.Н. Современное состояние преступности несовершеннолетних ( на материалах Кыргызской Республики) [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева, Г.Н. Сапаралиева // Вестник Академии МВД КР. - 2018. - № 1. – С. 121-124.
7. Чыныбаева, Н.Ж., Мусаев Д.К. Судебная гарантия как инструмент реализации и защиты прав и законных интересов несовершеннолетних [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева, Д.К. Мусаев // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - № 6. – 2018.– С. 104-107.
8. Чыныбаева, Н.Ж. Теоретико-правовые аспекты правового статуса несовершеннолетних в Кыргызской Республике [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2018. - № 6. – С. 125-130.
9. Чыныбаева, Н.Ж. К вопросу повышения эффективности принудительных мер воспитательного воздействия, применяемых к несовершеннолетним [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева // Modern Science. - 2018. - № 10. – С. 84-88.
10. Чыныбаева, Н.Ж. Прокуратуранын ювеналдык юстиция системасындагы ролу: прокурордук көзөмөлдүн кээ бир суроолору [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева // Известия вузов Кыргызстана. - 2018. - № 4. – С. 99-103.
11. Чыныбаева, Н.Ж., Государственная политика в области охраны и защиты прав несовершеннолетних: проблемы совершенствования в современных условиях [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева, // Modern Science. - 2018. - № 12. – С. 22-27.
12. Чыныбаева, Н.Ж., Сапаралиева Г.Н. Историко-правовые основы развития ответсвенности преступников, покушающихся на половую неприкосновенность детей:концепция гуманизации наказаний в современном

мире [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева , Г.Н. Сапаралиева // Modern Science. - 2018. - № 10. – С. 184-192.
13. Чыныбаева, Н.Ж., Аскарбеков, Д.Э. Жашы жете электердин укуктарын жана мыйзамдуу талаптарын коргоодогу жана ишке ашыруудагы соттун кепилдигинин кээ бир көйгөйлөрү [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева, Д.Э.Аскарбеков // Вестник КГЮА. - 2019. - № 2. – С. 180-186.
14. Чыныбаева, Н.Ж., Мыйзам менен конфликте болгон балдарды социалдык интеграциялоо жана реинтеграциялоо проблемалары [Текст] / Н.Ж. Чыныбаева// Известия вузов Кыргызстана. - 2020. - № 1. – С. 89-93.

**Чыныбаева Нургуль Женишевнанын "Организационные и правовые основы деятельности органов прокуратуры кр в сфере защиты прав несовершеннолетних"**

темадасындагы юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн 12.00.11 – сот бийлиги; прокурордук көзөмөл; укук коргоо ишин уюштуруу адистиги боюнча жазылган диссертациялык изилдөөсүнүн

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги создор:** прокуратура, жашы жете электер, ювеналдык укук, жашы жете электердин укугун коргоо, көзөмөлсүздүк, укук бузуулар, прокурордук көзөмөл, жашы жете электердин укугунун корголушун көзөмөлдөө, жашы жете электердин кылмыштуулугун алдын алуу, эл аралык бала асырап алуу институту, соттук контроль.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук көзөмөлдү ишке ашырууда келип чыккан укуктук мамилелерди уюштуруу **изилдоонун объектиси** болуп саналат.

**Изилдөөнүн предметин** жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук көзөмөлдү уюштуруу жана укуктук камсыздоо түзөт.

Жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында укуктук негиздерди изилдөө жана прокурордук ишмердүүлүктү уюштуруу, ошондой эле бул тармактагы мыйзамдарды жакшыртууга багытталган теориялык жана практикалык сунуштамаларды иштеп чыгуу **изилдөөнүн максаты** болуп эсептелет.

**Диссертациялык изилдөөнүн методологиялык негизин** логикалык, салыштырма-укуктук, системалуу анализ, тарыхый-юридикалык сыяктуу таанууну жалпы илимий жана жеке-илимий методдору түздү.

**Изилдөөдон алынган натыйжалар жана алардын жаңычылдыгы** биринчилерден болуп комплекстүү мамиленин негизинде жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында прокурордук көзөмөлдүн укуктук жана уюштуруучулук негиздерин жакшыртууга мүмкүнчүлүк берген ири илимий проблема анализге алынгандыгы жана чечилгендиги менен аныкталат.

Автор прокуратура ишмердүүлүгүн салттуу түшүнүү чегинен чыгып, биринчиден, ал жашы жете электер жөнүндө мыйзамдарды сактоону көзөмөдөө менен гана чектелбегендигин, экинчиден, бул ишмердүүлүк билим берүү, саламаттыкты сактоо, бала асырап алуу, ишке орноштуруу чөйрөлөрүн гана эмес, коомдук мамилелердин башка тармактарын да камтый тургандыгын далилдей алды.

**Пайдаланууга сунуштар**: түзүлгөн теориялык аныктамалар жана корутундулар жашы жете электердин укуктарын коргоо жаатында КР прокуратура органдарынын ишмердүүлүгүнүн негизин жакшыртуу маселелерин андан ары теориялык жактан иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн.

**РЕЗЮМЕ**

диссертации **Чыныбаевой Нургуль Женишевны** на тему: **«Организационные и правовые основы деятельности органов прокуратуры кр в сфере защиты прав несовершеннолетних»** на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.11 – судебная власть, прокурорский надзор, организация правоохранительной деятельности

**Ключевые слова:** прокуратура, несовершеннолетние, ювенальное право, защита прав несовершеннолетних, безнадзорность, правонарушения, прокурорский надзор, надзор за соблюдением прав не совершеннолетних, уголовный ответственность несовершеннолетних, предупреждение преступности несовершеннолетних, институт международного усыновления, судебный контроль.

**Объектом исследования** является организация правоотношений, возникающих при осуществлении прокурорского надзора в сфере защиты прав несовершеннолетних.

**Предмет исследования** составляет организация и правовое обеспече-ние прокурорского надзора в сфере защиты прав несовершеннолетних.

**Целью является** исследование правовых основ и организации прокурорской деятельности в сфере защиты прав не¬совершеннолетних а также выработка теоретических и практических рекомендаций, направленных на совершенствование законодательства в данной области.

**Методологическую основу диссертационного исследования** составили как общенаучные, так и частно-научные методы познания, такие как: логический, сравнительно-правовой, системный анализ, историко-юридический.

**Полученные результаты и их новизна** исследования определяется тем, что впервые на основе комплексного подхода проанализирована и решена крупная научная проблема, позволяющая совершенствовать правовые и организационные основы прокурорского надзора в сфере защиты прав несовершеннолетних.

Автор выходит за рамки традиционного понимания деятельности прокуратуры, доказав, что, во-первых, она не сводится лишь к надзору за соблюдением законов о несовершеннолетних и, во-вторых, помимо сфер образования, здравоохранения, опеки и попечительства, трудоустройства, эта деятельность охватывает иные области общественных отношений.

**Рекомендации по использованию:** сформулированные теоретические определения и выводы могут быть использованы для дальнейших теоретических разработок вопросов совершенствования основы деятельности органов прокуратуры кр в сфере защиты прав несовершеннолетних.

## SUMMARIES

of the thesis of Chynybaeva Nurgul Zhenishovna on the topic: **«Organizational and legal bases of activity of the Prosecutor's office of the Kyrgyz Republic in the field of protection of the rights of minors»** for the degree of Candidate of Legal Sciences by specialty 12.00.11 – judiciary, procuratorial supervision, law enforcement

**Key words:** Prosecutor's Office, minors, juvenile law, protection of the rights of minors, neglect, offence, procuratorial supervision, supervise the observance of the rights of minors, criminal liability of minors, prevention of juvenile crime, Institute for Intercountry Adoption, judicial review.

**An object of research** is organization of legal relations arising from the implementation of prosecutorial supervision in the field of protection of the rights of minors.

**The subject of the research is the organization and legal provision of prosecutorial supervision in the field of protection of the rights of minors.**

**The aim is to study** the legal basis and organization of prosecutorial activities in the field of protection of the rights of minors, as well as to develop theoretical and practical recommendations aimed at improving legislation in this area.

**The methodological basis of the dissertation research** was made up of both general scientific and private scientific methods of cognition, such as: logical, comparative legal, system analysis, historical and legal.

**The results obtained and their novelty** are determined by the fact that for the first time a major scientific problem has been analyzed and solved on the basis of a comprehensive approach, which allows improving the legal and organizational bases of Prosecutor's supervision in the field of protection of the rights of minors.

The author goes beyond the traditional understanding of the activities of the Prosecutor's office, proving that, first, it is not limited to the supervision of compliance with the laws on minors and, secondly, in addition to the areas of education, health, guardianship, employment, this activity covers other areas of public relations.

**Recommendations for use:** the formulated theoretical definitions and conclusions can be used for further theoretical development of issues of improving the basis of the activities of the Prosecutor's office of the Kyrgyz Republic in the field of protection of the rights of minors.